КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
МОСКВА РАЙОНУ
НАРЗАН
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
МОСКОВСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
НАРЗАНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ № 13

**28 май 2024-жыл** **Беловодское а.**

**МИ "Кыргызжылуулукэнерго"**

**"Беловодскоедеги райондор аралык жылуулук менен жабдуу**

**жана суу берүү ишканасы" филиалын**

**Нарзан айыл өкмөтүнүн балансына кабыл алууга макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 03 апрель 2024-жылдын №89 "Отун-энергетикалык комплексинин айрым маселелери жөнүндө" Жарлыгынын негизинде, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин №05-4/3275, 22.04.2024-жылдын, Кыргыз Республикасынын Президентинин Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн №01-12/561 17.05.2024-жылдын, Москва райондук мамлекеттик администрациясынын №01-32/1819 23.05.2024-жылдын каттарын окуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Мыйзамынын 6-беренесин жетектеп, айылдык кеңештин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛДЫ:**

1. МИ "Кыргызжылуулукэнерго" - "Беловодскоедеги райондор аралык жылуулук менен жабдуу жана суу берүү ишканасы" филиалынын тиешелүү мүлктүк комплекстери (активдери), штаттары, каржылоосу жана милдеттенмелери менен мыйзамдуу тартипте Нарзан айыл өкмөтүнүн балансына кабыл алууга макулдук берилсин;

2. Бул токтом Чүй облусунун Москва райондук мамлекеттик администрациясына жиберилсин;

3. Жооптуу катчы бул токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстициясынын Чүй-Бишкек башкармалыгына каттоо үчүн жөнөтсүн.

4. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Нарзан айыл өкмөтүнүн башчысы - И.Э.Оскомбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. К. Кулжанов**